**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ХАН-ТЕҢИРИ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ХАН-ТЕНИРИ**

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 28 чакырылышынын кезексиз 3 - сессиясы

# ТОКТОМ

**2024-жыл 16-апрели** **№ 13** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан-Теңири айыл аймагындагы мектеп окуучуларына жана жаш өспүрүмдөргө зыяндуу продукцияларды сатууга тыйуу салуу жөнүндө**

Хан-Теңири айыл аймагындагы айылдарда учурда ар кандай мектеп окуучуларынын жана он сегиз жашка чейинки өспүрүм балдардын абройуна шек келтире турган уурулук, зордук, зомбулук сыяктуу окуялар болуп жаткандыгы боюнча маалыматтар келип жатат. Ошондуктан ушундай жаман иштерге бөгөт койуу максатында мектеп жашындагы жана он сегиз жашка чейинки өспүрүмдөргө ден соолукка зыян келтире турган тамеки, насвай, спирт ичимдиктерин жана энергетикалык суусундуктарын сатууга жана күн сайын кечкисин саат 22-00 дон баштап балдарды көчөгө чыгарууга тыйуу салуу максатында жергиликтүү кенеш **токтом кылат:**

1. Хан-Теңири айыл аймагынын айылдарында ( Ак-Булуң, Ак-Булак, Ак-Чий, Боз-Учук, Жыргалаң, Ичке-Жергез, Качыбек, Ново-Вознесеновка, Советское, Токтогул) мектеп жашындагы окуучуларга жана 18 жашка чейинки өспүрүм балдарга ден соолукка зыян келтире турган тамеки, насвай, спирт ичимдиктерин жана энергетикалык суусундуктарын сатууга тыйуу салынсын.
2. Аймактагы айылдардын айыл башчыларына, айыл өкмөтүнүн соц.кызматкерлерине, мектептердин директорлоруна, тилкелик нускоочуга, аймактагы ИДНге окуучу жана 18 жашка чейинки өспүрүм балдарды кечки саат 22-00дон баштап көчөгө чыгарбоосу боюнча ата-энелерге, камкорчуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тапшырылсын.
3. Жогорудагы тыйуу салууларды көзөмөлдөө жана аймактагы айылдардын дүкөндөрүндө тамеки, насвай, спирт ичимдиктерин жана энергетикалык суусундуктарды окуучу жана 18 жашка чейинки өспүрүм балдарга сатууну чектөө боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго ар бир айылда атайын курамда комиссия түзүп иштөөсү милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүктү жергиликтүү кенештин мыйзамдуулук жана укук коргоо, депутаттык этика, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **И.Алымжан уулу**